Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№09 (222) 2023-жыл, декабрь

Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# ОШМУНУН 5 СТУДЕНТИ ПРЕЗИДЕНТТИК СТИПЕНДИЯ АЛДЫ



4-6-бет

## «ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ. ЭПОХА. ЛИЧНОСТЬ. ГУМАНИЗМ».




10-11-бет

## “ДИДАКТИКА” ГЕЗИТИ 5 ЖАШТА




3-бет

# Улуулардан улуу кеп

**Таалим маанилүүбү же тарбиябы?**

**Урматтуу студент дос, ушул суроо сизди ойлондурду беле? Мектепте берилген, жашоодон алынган билимге караганда, үй-бүлөдө берилген тарбиянын орду чоң. Эң негизгиси – таалим менен тарбияны эриш-аркак алып жүрүү керек. Жогорку окуу жайлардын окутуучуларынан билим алып гана чектелбестен, тарбиялык маани камтылган улуу кеп да уга жүрөлү деген максатта"Улуулардан улуу кеп" аттуу сериябызды сунуштайбыз. Кезектеги сериябыздын коногу ОшМУнун “Дидактика” гезитинин редактору, журналист Тургунбай Алдакулов**



## БАКТЫЛУУ БОЛУУНУН 5 СЫРЫ

Урматтуу жаштар! “Нур” гезитинин редактору Саматулла тарабынан “жаштарга кеңеш айтуу” сунушу түшкөндө толкундануу менен кабыл алдым. Бир чети мен үчүн бул сунуш сыймыктуу болсо, экинчиден күтүүсүз болду. Эмнени жазууну көпкө ойлонуп. Жаштык кезимди эстедим. Студенттик курагымда кайсы темалар мага кызыктуу болчусун артка бир кылчайып карасам, инсандык өнүгүү, ийгиликке жетүү сырлары кызыктуу болчу экен. Анан калемди колума алдым да жыйырма жылдык иш тажрыйбама таянуу менен “бактылуу болуунун 5 сырын” жазып баштадым. Кана эмесе кеттик...

### БИРИНЧИ СЫРЫ: ТУРУКТУУ КУЛК-МҮНӨЗ

Мүнөз деген өзү эмне? Балким элдин көзүнчө башкача көрүнүүгө (акылдуу, күчтүү) аракет кылган адатыбыз бар чыгар, бирок ал биздин мүнөз эмес. Эч ким жок жерде жасаган иштерибиз – бул биздин чыныгы жүзүбүз, мүнөзүбүз.

Социалдык макамыңа, кызмат абалыңа, жаңы кийимиңе, же акчаңа жараша баскан-турганың өзгөрүшү мүмкүн, бирок жан дүйнөңдө жашаган кулк-мүнөзүң ошол бойдон эле калат. Сараң же берешен болсоң акчаң бар учурда да, жок учурда да ошол эле бойдон каласың. Ошондуктан, макамың барда да – жокто да, акчаң барда да – жокто да сени менен ар дайым калчу ички инсандык сапатыңа көңүл бур. Анткени, ал сени менен өмүр өткүчө жашайт. Сени бактылуулукка, же бактысыздыкка мына ушул мүнөз алып барат.

Күчтүү, ийгиликтүү инсандарды байкап көрсөңөр, аларда ар дайым туруктуу кулк-мүнөзү бар. Алар кырдаалга карап мүнөзүн, баалуулуктарын алмаштырбайт. Мисалы, бир ишти жасайм деп кабыл алса, кандай гана тоскоолдук болбосун, ал планын ишке ашырат. Аларда ийгилик алып келчү иштерди жасоодо “эртең баштайм” деген сөз жашабайт.

### ЭКИНЧИ СЫРЫ: ЖООПКЕРЧИЛИКТИ АЛА БИЛҮҮ

Мыкты инсандар жашоодо кездешкен өйдө-ылдый иштер үчүн башка адамды күнөөлөбөйт. Бардык натыйжа үчүн кемчиликти өзүнөн таап, ошол тарабын оңдоого, күчтөндүрүүгө убакыт жана энергия бөлөт. Алсыз адамдар ийгиликсиз иштери үчүн ар дайым тегерегиндеги адамдарды күнөөлөп, алар менен мамилени бузуп, өзүнө өзү ор казат. Мисалы, алар бир адамга өчөшкөн үчүн 5-10 жылдык уникалдуу тажрыйбасын (демек, өмүрүн!) садака чаап иет да башка жактан, башка тармактан иш издейт. Бул өтө чоң ката. “Битке өчөшүп көйнөгүңдү өрткө салба!” деген сөз бекеринен айтылган эмес. Мындан да мыкты сөз: “Ийгиликтериме башкалар себептүү, жолсуздугума эрксиздигим себептүү” деген түшүнүктү туу тутуп жашаган адам эч качан кор болбойт.

### ҮЧҮНЧҮ СЫРЫ: ПЛАНДУУ ЖАШОО

Бул өтө чоң тема. Шартка байланыштуу өтө зарыл тарабын гана айта кетейин. Пландуу жашоо - адам баласынын жашоо, иштөө максатын аныктап берет. Жасала турган иштердин мазмуну, убактысы жана натыйжасы качан гана планды түзө баштаганда ачыкка чыга баштайт.

Планды студент кезимде бир күндүк, жумалык жана жылдык кылып түзүп алар элем. Кадимки күндөлүгүмө жасала турган иштерди тизмелеп алчумун. Ал жазуулар мени кадимкидей камчылап, ишке ашпай калса “бул кылганың уят!” деп жемелеп турчу. Ал эми ишке ашкандары болсо “азаматсың, сенин колуңдан көп иш келет!” деп дем берип турчу. Андыктан, силер да план түзүүнү, пландуу жашоону эртеңкиге калтырбай азыр баштагыла. Жалындуу жаштыгыңдын алтын мүнөттөрү кайсы жакка короп атканын билгиң келеби, анда пландуу жашоону адатка айландыр.

### ТӨРТҮНЧҮ СЫРЫ: САБЫРДУУЛУК

Сабыр деген сөздү бизде көбүнчө “кыйынчылыкка каршы туруу” деген мааниде кабыл алышат. Туура, башка келген оор сыноого туруштук берүү, сынбоо сабырдуулукту талап кылат. Ошол эле учурда кубанычка, ийгиликке да сабырдуу мамиле жасоо өтө маанилүү. Көп жаштар аз гана ийгилигине эрээркип кетет да, чоң максаттарды унутуп калат. Бул жакшы эмес.

Айрыкча интернет дүркүрөп өнүккөн жетпейт заманда сабырдуу инсандар чоң ийгиликтерге ээ болушууда. Анткени ал инсандар интернетти руханий-интеллектуалдык, финансылык муктаждыгына гана колдонуп, азгырыктарга жетелеген платформаларга келгенде өзүн-өзү чектей алышат. Ал эми сабыры жок эрксиз жаштар социалдык тармактарга баш-оту менен кирип кетишкен. Алар үчүн күн менен түндүн айырмасы жок. Түнү бою пайдасы жок платформаларда отуруп, баа жеткис убактысын кайда коротуп атканын анализдөөгө акылы жетпейт. Андыктан, сабырыңардын күчүн сыноо үчүн

*(Уландысы кийинки бетте)*

биринчи кезекте колдогу смартфонду кайсы максатта, канча убакыт колдонуп атканыңарды байкап көргүлө, өзүңөрдү өзүңөр тизгиндегиле.

**БЕШИНЧИ СЫРЫ: ЫРААЗЫ БОЛУП ЖАШОО**

Бул бешинчи сырды "шүгүр кылуу" десек да болчудай. Атактуу адамдардын жүзүн карасаңар – эч бири капаланып, жашоосуна наразы болгондой түрү жок. Тескерисинче, баары эле дүйнөнүн бүт байлыгын алаканына салып алгандай бактылуу, жүзү жайнап турат.

Шүгүрчүлүк кылууну мен көбүнчө үч жерде эстейм: биринчиси - намаз учурунда. Ар дайым намазды жыйынтыктап атканда, өмүр, ырыскы, дөөлөт берген жаратканга чексиз шүгүр айтам. Экинчиси – дастаркон четинде. "Ушул сааттарда канча миндеген адамдар бир чөйчөк сууга жетпей, нанга жетпей ачкачылыктын айынан азап тартып атты экен? Канча адамдар ден соолугуна байланыштуу дастаркондо жайылган азыктардан даам сыза албай көзү жалдырап отурду экен? Алардын алдында мен кандай бактылуумун. Бул үчүн шүгүр кылбасам болбойт го!", деп ойлоном.

Ал эми шүгүрчүлүктү эске салган үчүнчү жер, кадимки эле ажаткана. Балким, бул сөз силерге ыңгайсыз угулгандыр. Бирок, күлбөгүлө. Жеген тамагыбыздын аш болуп, денебизге энергия берип, аман-эсен чыгып кеткенин сөз менен айтып жеткире алабызбы? Кандай керемет процесс. Силер билесиңерби, эмне үчүн "ажаткана" деп аталат? Адам баласынын ажаатын ачып, муктаждыгын чечкен эң маанилүү жер болгон үчүн "ажаат кана" деп атайбыз. Тилекке каршы, көптөгөн жаштар биздин бул эң кымбат жайыбызды баалай билбейт, кор тутат. Бул маданиятсыздыктын жеткен чеги эмеспи. Биз мындай кылбашыбыз керек.

**КЫМБАТТУУ ЖАШ ДОСТОР!**

Жогоруда айтылган сөздөрүмдүн бир сабы болсо да силерге пайдалуу кеңеш катары эсиңерде калса, мен кубанычта болом. Ар бир инсан өз жашоосунун падышасы. Аны нурга бөлөп, ийгиликтердин кучагында бапестеп өткөрсө да болот. Же азгырыктардын туткунунда калып, бир келген өмүрдү арзыбаган иштерге ысырап кылып өтсөк да өтөт. Бирок, бир гана нерсени унутпайлы, падышалык доор бат эле өтөт. Жашоону барктап, жоопкерчиликти сезип, ар бир саатыбызга план түзүп, сюрпризderге сабыр жана шүгүр кылып жашасак, эки дүйнөнүн бактылуулугуна ээ болобуз го. Ар бириңерге мына ушундай маңыздуу, сапаттуу жашоо каалайм.

# "ДИДАКТИКА" ГЕЗИТИ 5 ЖАШТА




ОшМУнун "Дидактика" гезитинин 5 жылдык маарекесине карата "Интернет доорунда гезиттин орду" аталышындагы форум өттү. Форумга Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын, райондук жана шаардык гезиттеринин башкы редакторлору, журналисттер, окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамы, студенттер катышты.

Иш-чарада жаңы медиа өнүккөн заманда гезиттерди сактап калуунун чаралары, басма сөз каражаттарынын орду талкууланып, гезиттердин окумдуулугун арттырууга жана редакцияларда интернет ресурстарын иштиктүү пайдаланууга багытталган биргелешкен иш-чараларды жүргүзүү сунуштары айтылды.

Форумдун алкагында облустук, райондук жана шаардык гезиттеринин башкы редакторлорунун башын бириктирген "Алтын калем" клубу түзүлүп, резолюция кабыл алынды. Демилгечилердин айтымында, клуб аркылуу редакциялар өз ара тажрыйба алмашып, бири-бири менен тыгыз байланышта иш алып барышат.

"Интернет өнүккөн сайын гезиттердин келечеги татаалдаша баштады. Ошондуктан жаңы тоскоолдуктар менен биргелешип күрөшөлү деп атабыз. Бизди мамлекеттик жана эл аралык уюмдар колдойт деген үмүт бар. Биз клуб аркылуу коомчулуктун көңүлүн гезитке бурууга бардык күч-аракетибизди жумшайбыз",-деди "Дидактика" гезитинин редактору, журналист Тургунбай Алдакулов.

Маалыматка караганда, клубга менчигинин түрүнө карабай гезитте редактордук кызматта иштеп кеткен же азыркы учурда да иштеп аткан журналисттер мүчө боло алышат. Клубдун жыйындары айына бир жолу онлайн же офлайн форматында өтүп турат.

Клубга Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын облустук гезиттеринин башкы редакторлору, атап айтканда "Ош



жаңырыгы" гезитинин башкы редактору Асанбек Каракозуев, "Акыйкат" гезитинин башкы редактору Байгазы Раимкулов жана "Баткен таңы" гезитинин башкы редактору Адылбек Акматов, Сүлүктү шаарынын "Шахтёр жолу" гезитинин башкы редактору Кенжегул Абдыкалыкова, Ош шаарынын "Ош шамы" гезитинин башкы редактору Бурул Исмаилова, Ноокат районунун "Ноокат таңы" гезитинин башкы редактору Нуркамил Абдуллаев, Кадам-Жай районунун "Эл жарчысы" гезитинин башкы редактору Кайрат Жапаров жана ОшМУнун "Дидактитка" гезитинин башкы редактору Тургунбай Алдакуловдор мүчө болуп кирищти.

Гезиттин редактору журналист Тургунбай Алдакуловго окуу жай тарабынан ыраазычылык кат, коноктор тарабынан Ардак грамоталар, төш белгилер тапшырылды.

"Дидактика" гезити ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык басма сөз каражаты болуп саналат.

2018-жылдан тартып жарык көрүп келе жаткан гезит учурда 1800 нуска менен ай сайын чыгат. Гезит ОшМУнун профессордук-окутуучулар жамаатына жана университеттин китепканаларына акысыз таратылат.

**ОшМУнун маалымат борбору**

# ОШМУНУН 5 СТУДЕНТИ ПРЕЗИДЕНТТИК СТИПЕНДИЯ АЛДЫ

2023-жылдын 23-декабрында өлкөнүн жогорку окуу жайларынын эң мыкты 75 студенттине президенттик стипендияларды тапшыруу аземи өттү. Президент Садыр Жапаров студенттерге ийгилик жана жетишкендиктерди каалап, 60 миң сом өлчөмүндө президенттик стипендияларды тапшырды.

Президенттик стипендияга ОшМУнун 5 студенти ээ болду. Алар: Медицина факультетинин студенти Айпери Нурбек кызы; Математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенти Даткайым Эртабылды кызы; Физика- Техника факультетинин студенти Кеңешбек Эмилбек уулу; Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин студенти Сайкал Нурматова; Тарых жана социалдык иштер факультетинин студенти Мираида Чолпонкул кызы.

Жеңүүчүлөр ОшМУнун студенттери арасында 2022-2023-окуу жылынын жыйынтыгы менен президенттик стипендияга талапкерлерди аныктоо боюнча университеттик тандоо турунун жыйынтыгы менен тандалып алынган. Анда студенттердин окуудагы, илимдеги, спорттогу жана коомдук иштердеги мыкты жетишкендиктери каралган. Сыймыктуу студенттерибиз менен жакындан таанышып, кененирээк маалымат алдык.









## Кеңешбек Эмилбеков: "Ийгилигимдин артында ата-энемдин, бир туугандарымдын дубалары турат"

Мен, Эмилбеков Кеңешбек Эмилбекович, 2002-жылыдын 28- декабрында Жалал-Абад облустуна караштуу Таш-Көмүр шаарындагы Кызыл-Жар шаарчасында туулгам. Учурда ОшМУнун Физика-техника факультетинде 4-курста окуйм. 1-курстан тартып ыктыярчы болуп, коомдук иштерге активдүү катышып келе жатам. Кийин факультеттик, университеттик, шаардык, облусттук, республикалык деңгээлдеги илимий конференцияларга, маданий иш-чараларга катышып көптөгөн ийгиликтерге жетише алдым. Алардын ичинен эң чоң ийгилигим - президенттик стипендия болду. Албетте бул жеңишке оңой жеткен жокмун. Мен ойлойм ийгилигимдин артында ата-энемдин, бир туугандарымдын дубалары турат деп. ОшМУда 50 000ден ашуун студент окуса, алардын ичинен бешөө президенттик стипендияга жетишти. Ошол бешөөнүн ичинде болгондугум менин бактым жана жеке ийгилигим.

Студент досторго айта кетчү кеңешим: Эч качан жалкоолонбогула, ал жалкоолукту жеңиш үчүн эрк керек. Эрктүү болгула! Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырбагыла жана жасаган ишиңердин аягына чейин жеткире билгиле.

**Жетишкендиктери:**

**100% "Эң жакшы" деген бааларда окуйт;**

**GPA баллы 4;**

**Ош шаарынын мэриясынын "Ардак" грамотасы менен сыйланган;**

**Ош шаарынын маданият башкармалыгынан "Ыраазычык кат" алган;**

**ОшМУнун "Топ-20" студентине кирген;**

**ОшМУнун окумуштуулар кеңишинин стипендиаты;**

**"Ыйык Ата-Журт" коомдук фондунун стипендиаты.**

## Айпери Нурбек кызы: "Окуудан сырткары спорт менен машыгам"



Мен, Нурбек кызы Айпери, 2001-жылдын 6-декабрында Ош шаарында туулгам. Учурда медицина факультетинин даарылоо адистиги боюнча 5-курсунун студентимин. Биринчи курстан баштап илимий конференцияларга катышып келгем, ондон ашык макала жана тезистер чыккан, эл аралык олимпиада жана конференцияларда башкы орундарды ээлеп 1-2-3-даражадагы дипломдорго жана номинацияларга ээ болгом. Коомдук-маданий иш-чараларга да жетишкенге аракет кылам. Коомдук фондордо ыктыярчы болуп шаардагы мээрия тарабынан уюштурулган иш-чараларга катышып жүргөм. Окуудан сырткары спорт менен машыгам. Тактап айтканда, чоң теннис менен шаар ичиндеги мелдештерде биринчиликтерди алып чемпион болгом. Азыркы убакта дагы спорт менен алектенем.

Президенттик стипендиат болуш биринчи курста эле максаттарымын бири болчу. Ошондуктан бүт баардык ийгиликтерим ушул стипендияны жеңгенге арналган. Президенттик стипендат болушумун артында канча мээнет, канча аракет, уйкусуз түндөр, кыйынчылыктар, сыноолор болгон. Бирок ошол эле учурда бул жолдун ичинде канча шаарларга, өлкөлөргө барып тажрыйба алмашып, чет мамлекеттик студенттер менен достошуп, өзүм окуган факультеттен жана университеттен досторду таптым. Агай-эжекелериме, илимий жетекчилериме, тренериме, айрыкча, ата-энеме аябай ыраазымын. А лардын колдоосу менен ушул стипендиянын ээси болдум.

Студенттерге айтарым: эн алгачкы максат керек, анан аны ишке ашыруу ар бир адамдын каалоосунан көз каранды. Баары өзүбүздүн колубузда.

**Жетишкендиктери:**

**1. Президенттик стипендиянын ээси;**

**2. Атуулдук стипендиянын ээси;**

**3. Окумуштуулар стипендиясынын ээси;**

**4. GPA баллы: 4**

**5. Теннис боюнча Ош шаарынын чемпиону.**



## Сайкал Нурматова: "Президенттик стипендия мен үчүн эң баалуу сыйлыктардын бири болду"

Мен, Нурматова Сайкал Бакытбековна, 2002-жылдын 5-октябрында Ош шаарында туулгам. Учурда Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин төрайымы болом. Биринчи курстан тарта университеттик, шаардык жана республикалык деңгээлдерде коомдук иш-чараларга катышып, көптөгөн сыйлыктарга ээ болуп келем, бирок баарынан да президенттик стипендия мен үчүн эң баалуу сыйлыктардын бири болду. Бул сыйылктын артында менин ата-энемдин, чоң энемдин жана жолдошумдун колдоосу турат. ОшМУда 45000 ден ашуун студенттин арасынан беш студент бул сыйылка жетишти.

*(Уландысы кийинки бетте)*

Мыктылардын мыктысы болуп, беш студенттин арасында болгонума аябай кубанчытамын.

Студенттерге айтаарым, кандай күндөр болбосун, силердин келечегиңер өз колуңарда, ар бир кыйынчылыктын артынан жеңилдик келет деген сөздү унутпагыла.

**Жетишкендиктери:**

**90% "эң жакшы" жана 10% "жакшы" деген бааларга окуйт;**

**GPA баллы 3,95;**

**Ош шаарында "Enactus ОшМУ" коомунун бүтүрүүчүсү, ошондой эле бир топ долбоорлорду автору;**

**«Кыргыздын чыгаан айымы - 2021» наамынын ээси;**



## Мираида Чолпонкул кызы: "Я уверена, что эта награда станет для меня трамплином в дальнейших моих успехах"

Я, Мираида Чолпонкул кызы, родилась 11 февраля 2003 года в городе Джалал-Абад. На данный момент я являюсь студенткой 4 курса факультета истории и социальной работы Ошского государственного университета. С сентября 2023 года работаю учителем истории в школе-гимназии №20 им. И. Разакова. С первого курса активно участвую в научно-образовательных и общественных мероприятиях университета. В V семестре 2022-2023 учебного года по программе академической мобильности прошла обучение в Евразийском национальном университете им. Л. Н. Гумилева Республики Казахстан, где обрела навыки написания научных статей и нашла новых друзей. В мае 2022 года совместно с чешской делегацией археологов участвовала в археологических раскопках в селе Акжар Кара-Суйского района, где были найдены ценные археологические артефакты, относящиеся к Кушанскому периоду. В сентябре 2023 года получила диплом «Лучший студент СНГ» и награждена медалью. Помимо этого я являюсь волонтером экологического проекта «Жердин балдары», в рамках которого в апреле текущего года было посажено около 2000 саженцев. Безусловно, получение президентской стипендии 2023 года для меня большая честь, т.к. эта награда была одной из самых желанных и ценных наград. Я уверена, что эта награда станет для меня трамплином в дальнейших моих успехах. Безмерно благодарна Всевышнему, родителям и ОшГУ за такую прекрасную возможность расти, достигать и созидать.

**Успеваемость: Отличная, GPA 4.0**

## Даткайым Эртабылды кызы: "3-курсумда ОшМУнун окумуштуулар кеңешинин стипендиаты болдум"



Мен, Эртабылды кызы Даткайым, 2002-жылдын 27-октябрында Ош облусунун Алай районуна караштуу Күн-Элек айылында төрөлгөм. Учурда Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультететинин 4-курсунун студентимин. Жашоодогу алгачкы чоң жеңиштеримдин бири илимдин, билимдин жана маданиятын туу чокусу болгон университетти тандап билим алып жатканым. Антекени, билим алуу - жашоону өздөштүрүү үчүн керек болгон эң чоң курал деп эсептейм. 1-курсумдан тарта университеттер, облустар аралык, республикалык жана эл аралык сынактарга өзгөчө илимий конференцияларга катышып келем. Окуу жайыбыздын Студенттик кеңешинде жүрүп кроссворд оюнун уюштурдум, ага бардык студенттер катышып өзүн сынап көрсө болот. Оюн ОшМУнун "Нур" гезитине ар ай сайын чыгып турат. Факультеттин МИОТ жана ББМ кафедрасында студенттик илимий ийримдин төрайымы болуп жүрүп студенттерге билген маалыматымы бөлүшүп, илимий изилдөө боюнча чогуу иш алып барабыз. 3-курсумда ОшМУнун окумуштуулар кеңешинин стипендиаты болдум. Бул сыйлыкка жетишүүдө факультетимдин эмгек жамааты, окутуучуларымын салымы чоң. Ыраазычылык билдирем жана ден соолук, ийгилик, бакубат жашоо, түгөнбөс энергия каалаймын.

Студент достор, ар дайым аракетте болуңуздар, Деңизге түшкөн ажыдаар кыймылсыз жатса, болбогон бир крабга жем болот. Андыктан изденип, өз адисиңиздин мыктысы болууга аракет кылыңыз.

**Жетишкендиктери:**

**1. 99% "эң жакшы", 1% "жакшы" деген бааларга окуйт;**

**2. GPA баллы 3.99;**

**3. "Мугалим өнүгүү борборунун" стипендиаты;**

**4. Окумуштуулар кеңешинин стипендианты**

**5. Ош шаардык кеңешинин ардак грамотасы;**

**6. Алай райондук администрациясынын ардак грамотасы;**

**7. Ош мамлекеттик университетинин ардак грамотасы;**

**8. Ж.К.Сагындыков агайды эскерүү кечесине арналган VI илимий-практикалык конференцияда мыкты баяндама үчүн I даражадагы Диплом.**

**9. "Ар сабактан бир суроо-кроссворддо чечмелөө" атайы студенттер үчүн түзүлгөн долбоордун ээси;**

**10. Илимий макалалары: "Математикадагы экономикалык маселелер", "Көбөйтүүнүн жөнөкөй усулдары", "Заманбап математикалык билим берүүдөгү: инновациялык методдор жана эффективдүү натыйжалар".**

**С. Маматкары уулу**

# БИР СҮРӨТТҮН ТАРЫХЫ

*Искусство, көркөм чыгармачылык – дүйнө таанымдын көркөм образдар аркылуу элестүү чагылдыруунун бир формасы. Сүрөт искусствосу да коомдук-тарбиялык мааниге ээ болуп, адамдын акыл-эсине, ой-сезимине, кыялына таасир этип, коомдук турмушта жана социалдык күрөштө айрыкча чоң роль ойнойт. Инсан коому менен кошо өнүгүп, анын материалдык өсүшүн чагылдырат, коомдук аң-сезимди калыпка салууга көмөктөшөт. Сиздер менен бөлүшүүчү сүрөт да, өзүнө бир канча мазмунду, бир канча тарыхты камтыйт. Картина аркылуу бекитилген окуя, жан дүйнө, сезим - ар бир эле адамдын кызыгуусун жаратат. Биздин "Бир сүрөттүн тарыхы" рубрикабызда дүйнөлүк сүрөтчүлөрдүн шедеврлери жана алардын тарыхы жөнүндө сөз болмокчу. Анда эмесе, кезектеги чыгарылышыбыз баарыңыздарга кызыктуу жана пайдалуу болот деген ишеничтебиз.*

*Карагайлуу токойдогу таң-1889. Кенеп, май. 139 х 213 см*

*«Карагайлуу токойдогу таң» — И.Шишкиндин жаркын чыгармаларынын бири. Шедевр флора менен фаунанын табиятына суктануу менен жаралган. Сүрөттө баары абдан гармониялуу көрүнөт. Жашыл, көк жана ачык сары тондор уйкудан араң ойгонгон жаратылыштын эффектин жаратат. Арткы фондо сиз жаркыраган алтын түстөрдү көрө аласыз - бул күн нурларынын өтүп чыгышынын белгиси. Алар сүрөткө салтанаттуу маанай тартуулайт. Туман дагы эле жер бетинде айланып турат, абдан реалдуу сүрөттөлгөн, эгер сиз шедеврдин ушул деталына көңүл бурсаңыз, таңкы салкындыкты сезе аласыз.*

*«Карагайлуу токойдогу таң» картинасы абдан жаркын жана реалдуу болгондуктан, ал щетканын шедеври эмес, токой пейзажынын көз ирмемдик сүрөтү сыяктуу сезилет Картинанын ар бир деталы кесипкөйлүк, сүйүү жана коркуу менен сүрөттөлгөн. Алдыңкы планада аюулар тамыры менен жыгылган карагайдын үстүнө чыгып жатканын көрөбүз. Алар позитивдүү эмоцияларды жаратып, ойношот. Алар үчүн жаңы күндүн таңы чыныгы майрам. Аюунун балдары колго үйрөтүлгөндөй боорукер жана зыяны жок. Алар мыкаачылыкка жөндөмсүз жана айбандык табиятына карабастан, эч кандай жырткыч эмес көрүнөт.*

*Сүрөттүн негизги акценти – бул арканкы планда күн нуру менен алдыңкы пландагы дарактын үстүндөгү аюулардын айкалыштыгы. Эгерде бул объектилерден визуалдык сызык өткөрсөк, алар сүрөтчү тарабынан эң жарык жана бай сүрөттөлгөндүгүн көрөбүз. Калганынын баары жөн гана жеңил кошумча эскиздер.*





**Айзирек Гадаева**

# «ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ. ЭПОХА. ЛИЧНОСТЬ. ГУМАНИЗМ».

12 декабря 2023 года в столичном Доме Дружбы состоялась международная конференция, посвяүенная 95-летию великого писателя Чынгыза Торекуловича Айтматова на тему «Чынгыз Айтматов. Эпоха. Личность. Гуманизм», организованная Ассамблеей народа Казахстана и Посольством Кыргызской Республики в Республике Казахстан при поддержке Тюркской и Евразийской творческой Гильдии (Лондон), ОшГУ.

В рамках международной конференции с целью привлечения молодөжи к научной, исследовательской и поисковой деятельности, освеүения вклада в мировую культуру великого писателя, дипломата, обүественного и государственного деятеля Чынгыза Айтматова был обңявлен конкурс эссе, на котором приняли участие и студенты Ошского государственного университета.

Так, свои эссе направили студентка 3 курса факультета естествознания, туризма и аграрных технологий ОшГУ Алтынай Досбаева и студентка 1 курса факультета русской филологии Бабаева Жумагуль.

При оценке работ рассматривались соответствие тематике конкурса, выдержанность работы в жанре эссе, выраженность авторской позиции, соответствие языка работы литературным нормам, творческий подход, соотнесөнность работы с современностью.

В итоге работа «Чынгыз Торокулович Айтматов» Алтынай Досбаевой удостоилась диплома первой степени.

Предлагаем вашему вниманию эссе наших студентов.



***Чынгыз Торокулович Айтматов.***

*Кто же это? Сейчас не знать ответа на этот вопрос считается показателем интеллекта каждого человека. Думаю, Айтматов и есть - показатель интеллекта, мудрости и человечности, идеи произведений которого имеют глобальные, планетарные масштабы.*

*Чынгыз Айтматов – человек - Вселенная, философ 20 века, неоднократный номинант на Нобелевскую премию по литературе. Мы чтим и должны почитать этого человека с большой буквы, который внес огромный вклад в развитие культуры, общества и вносит до сих пор, даже после своей смерти. Представляете какой уровень? Удивительно! И это еще мало сказано. Слов, чтобы передать восхищение, увы, не хватит.*


*«Белый пароход», «Жамиля», «Первый учитель», «Ранние журавли» -думаю эти произведения вызывают особые чувства у каждого человека, у каждого кыргыза. Каждый, по-своему воспринимает их и усваивает уроки писателя.*

*Начиная с дошкольного возраста, когда мельком крутишь каналы телевизора и попадаешь на «Прощай, Гульсары!», то невзначай начинается твое знакомство с кыргызской кинематографией, произведениями Айтматова, когда происходит первое пробуждение интереса к жизни, появляются первые чувства любви к родной земле и патриотизма, начинаешь понимать что хорошо, что плохо, получаешь знания, хотя бы об именах которые «тогда» были, что важно для нынешнего поколения.*

*Потом часто наблюдаешь как наши дедушки, бабушки, сидя дома на пенсии, от скуки иль больше от тоски по молодости, начинают перечитывать уже в который раз «Манкурта», вспоминая какие сложные времена они пережили, со слезами на глазах вновь окунаясь в то давнее время и события, которые точно передает великий художник Айтматов. Недаром его книги «заговорили» на более чем 176 языках мира, изданные в 128 странах тиражом более 100 миллионов экземпляров. По данным ЮНЕСКО, он считается одним из наиболее читаемых и издаваемых писателей XX века.*

*Сейчас мне вспоминается Астана, когда мой отец, ценитель высокого искусства, преподает в воскресной кыргызской школе «Кут Билим» и устраивает очередную встречу, куда привозит меня, 5-ти летнюю девочку с куклой на руках. Он говорит мне, что сегодня важный день, потому что приезжает не какой-то там депутат, а сам Чынгыз Торокулович! Встреча состоялась благодаря соратнику моего папы, руководителю кыргызской диаспоры Шавкату Абдуллаевичу, который, оказывается, организовал эту встречу. Приезжает,*




(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык буa - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg




значит, наш герой, встречаем: концерт, слова благодарности, ажиотаж, чувства радости и дух патриотизма. Дети выстраиваются в очередь , кто-то фоткается, кто-то автограф берет. И тут, папа приводит меня к нему. Боясь, стою перед Айтматовым, тот, смотрит на меня добрыми глазами и улыбкой, тем самым внушая доверие и спрашивает как меня зовут:

-Алтынай,-стесняясь, еле говорю я.

-Аа, Алтынай значит.

Тут папа: - Как и ваша героиня, Чынгыз Торокулович!

-Точно, как и моя главная героиня! (Первый учитель). Вот какие Алтынайки сейчас, на руках кукла теперь вместо книги. Ну, что сказать, 21 век, и это хорошо - смеясь отвечает и зал заливается в смехе: -То-то




же! –Да, да, и вправду!

В этой суматохе он поднял меня, посадил на колени и вскоре все мы коллективно сделали фото на память. После сел передо мной, взял одну из своих только распечатанных книг, (которые подготовил Шавкат Абдуллаевич) подписал со словами: «для Алтынайки» и вручил мне... Представляете, что я почувствовала тогда? Радость за подарок, но не более.

К сожалению, я была мала ещё, чтобы понимать какого важного человека встретила, и что этот шанс дается не всем... А что я чувствую сейчас, имея вот такие воспоминания, не на родине(!), фотографию и последнее произведение, последнюю книгу, выпущенную в ограниченном количестве «Когда падают горы (Вечная невеста)»? Гордость! И это лишь мельчайшая часть того, что я могу сказать. Увы, люди не умеют читать мысли и понимать чувства других. Благодарю по сей день Всевышнего за такой шанс и моего папу, который в разы больше обычных людей предан нашей культуре.

Что бы я сказала, встретив сейчас нашего героя времени?

-Огромная благодарность. Благодарна я, благодарен весь мир! За что? За многое: за изменения как внешние так, и внутренние, за то, что узнают Кыргызстан просто по Вашей фамилии, за то, что неустанно можно перечитывать более ста самых интересных произведений и каждый раз по- разному воспринимая их, учиться новому старому, ведь учиться новому старому это именно про Вас.

Я благодарна именно за то, что, 12 декабря и 10 июня теперь для меня не просто дни, и за то, что именно вы изменили мою жизнь 25 марта 2008 года, но, увы, тогда, когда заканчивалась Ваша, Чынгыз Торокулович Айтматов...

**г.Ош 2023**

**Досбаева Алтынай Топчубаевна, 3 курс туризм ОшГУ.**



**Мой Айтматов. Эссе**

Вы знаете, я всегда жду раннюю весну... Время, когда прилетают журавли, чтобы ещё и ещё раз испытать удивительные, неповторимые и впервые нахлынувшие на меня когда-то необъяснимые чувства, имя которым – первая любовь. Но это я поняла только в 9 классе, читая повесть «Ранние журавли». Жизнь подростков, история зарождающихся личных отношений Султанмурата и Мырзагуль были так понятны и близки нам школьникам уже 21 века! Первый урок от писателя был усвоен.

Так я погрузилась в художественный мир Айтматова.

С каждым произведением ты оказываешься в каком-то безграничном пространстве образов, событий и явлений, объединенных в некое единое духовно-нравственное начало. Постепенно начинаешь понимать людей, их поступки. Кто-то вызывает симпатии, кто-то - откровенное неприятие. Начинаешь понимать жизнь.

Теперь я знаю, чтобы быть счастливой надо сделать решительный шаг навстречу, чтобы не сожалеть потом за бесцельно прожитые годы. Уроком послужил поступок Джамили, порвавшей с бессмысленным прошлым и устремившейся к семейному счастью, наполненной взаимной любовью.

Иногда в жизни душевный покой представляется важнее любви, которая может оказаться не надежной, как случилось с топольком в красной косынке Асель. Видимо, человеку, испытавшему предательство самого близкого человека, нужно сильное плечо, за которым спокойно и чувствуешь себя защищенным.

Чтобы не показать свою слабость окружающим, важно суметь собрать свои эмоции в кулак и сдерживать слезы, как это делала Толгонай, хотя от потери самых близких людей хочется кричать не-че-ло-ве-чес-ким криком... Она не сломалась, всё выдержала и осталась Матерью, которая достойно воспитает чужого ребенка.

Человек легко поддается соблазну... Ему часто хочется поживиться за счет других. Но при этом он не задумывается о последствиях содеянного. Так, вторжение Базарбая в чужую семью, пусть даже в волчью, оборачивается трагедией, катастрофой для Бостона Уркунчиева. Так кто мы – люди или хищные звери!? Бояться нужно не зверя, а человека, ибо все зло на земле идёт от него.

Ну как я могу забыть Руну Лопатину? Женщину, отдавшую жизнь и восставшей против тех, кто хотел лишить женщин самого основного, данного самой природой – счастья материнства. Человек должен являться на свет божий желанным плодом любви мужчины и женщины, естественным путем, как заведено самой природой.

На опыте мальчика из «Белого парохода» я усвоила такую вещь. Дети не прощают лжи. Они не хотят в мир взрослых – в мир лжи и обмана. Это важно для меня как будущему педагогу.

Многому я научилась у Дуйшена, Джамили, Эдигея..., у Айтматова. Получила незабываемые уроки нравственности.

И в дни, когда по самым обыденным причинам, из-за семейных неурядиц или нескончаемой спешки забываешь о них, я обычно останавливаюсь и обращаю свой взор на высокие белоснежные кыргызские горы... И сразу в моем воображении встают мои любимые герои. Ибо Айтматов такая же вершина, как наши Ала-Тоо. Вершина высокой духовности и нравственности.

Читайте Айтматова, говорите с ним, советуйтесь и поверьте мне – он всегда поможет.

Вот такой мой Айтматов.

**Бабаева Жумагуль Аслановна, 1 курс, факультет русской филологии**

**С. Маматкары уулу**

# ЭТИМОЛОГИЯ

***Этимология – (грек сөзү “etmymon” – “чындык” жана “logos” – “илим”, “окуу”) сөздөрдүн чыгыш тегин, анын кайсы тилдерден кабыл алынгандыгын тарыхый жактан изилдейт. Күнүмдүк жашообузда колдонуп жүргөн сөздөрүбүздүн түпкү тегине маани бере бербейт экенбиз. Биз пайдаланып эле жүргөн айрым сөздөрдүн тарыхына көз жүгүрттүк, балким сизге да кызыктыр.***



## КЕШИК

Азыркы кыргыз тилинде кешик сөзү үч маани берет. Түшүндүрмө сөздүктө 3-мааниси болуп көрсөтүлгөн «ырыс, бакты, таалай» деген мааниси чындыгында алгачкысы болуп эсептелет. Ошол маанисинен 2- жана 1-маанилери пайда болгон. Анткени байыркы ата-бабаларыбыз тамак-аштан кешик берүүнү же калтырууну ырыс, таалай бергенге, калтырганга барабар деп түшүнгөн. Ошондуктан табактын түбүнө кешик калтырып, кудаларынын куржунуна кешик салып берген.

## ЖИГИТ

Кыргызча жигит сөзү эр жеткен уландарга карата айтылат. Алтай тилинде **йиит кыс** деп, бойго жеткен кыздарга карата да колдоно берүүгө болот. Мына ушул жигит сөзү байыркы түркчө йетик сөзүнүн т жана к тыбыштары орун алмаштырып, метатезаланган: йетик/йекит. Эки үндүүнүн ортосундагы к тыбышы кыргыз тилинде жумшарса, алтай тилинде түшүп калган: йегит/йиигит, йиит. Жигит болгондо адам балалык доорду өткөрүп, жетилет. Чоңоюп калган уулдарга карата жигит болуп калыптыр деп айтышыбыз бекеринен эмес, жигит сөзүнүн өзү жет+ ик морфелаларынан куралган. Эр жеткен же бойго жеткен кез баланын жетилгени болот. Ошондуктан жигит сөзү алгачкы жет сөзүнө зат атооч жасоочу -ак мүчөсү улануудан жаралып, жетилген курагына туура мүнөздөмө катары айтылган сөз болгон.

## КОМУЗ

Байыркы түрк тилинде кобы сөзү «көң- дей» маанисин берген. Мына ушул сөзгө -з мүчөсү жалгануудан кобыз сөзү келип чыккан. Жалкы сөзүнө -з мүчөсү уланып, кайра эле ага мааниси бирдей болгон жалгыз сөзү жасалган сыяктуу кобы сөзүнөн жасалган кобыз да ошондой эле маани берген. Башкача айтканда, кобыз сөзү да «көндөй» деген маани туюнткан. Анткени комуздун ичи оюлуп, көңдөйлөтүп коюлушу анын ушундай аталышына негиз болгон.



## АТААНДАШ

Кыргыз тилиндеги атаандаш сөзү атаан+даш деген бөлүктөрдөн турат. Анын атаан уңгусу монгол тилдеринен кабыл алынган. Бурят тилинде атаа(н) 1) «зависть, вражда: 2) состязание, соперничество, конкуренция»; калмак тилинде 1) «зависть, 2) состязание, соперничество»; монгол тилинде 1) «зависть, 2) ревность» болуп которулат. Кыргыз тилинде атаан сөзү өзүнчө жеке айтылбайт. Ага этиш жасоочу -лаш мүчөсү жалганган түрү гана айтылат.

## АЙЫМ

Асмандагы ай кыргыз элинин түшүнүгүндө сулуулуктун символу болгон. Сулуулук аялдарга таандык назиктиктин, мээримдүүлүктүн артыкча бир белгиси катары каралган. Ошондуктан аларга айым деген кайрылуу урматтагандыкты да туюнткан. Алгач айым деген сөзгө жактын таандык мүчөсү жалгангандыктан, сүйлөөчүгө гана таандык болуп айтылган. Кийин таандык мүчө өзүнүн ал касиетин жоготуп, уңгуга биригип кеткен, өзүнөн кийин таандык, мүчөлөрдү жалгай бере турган болуп калган: айымым, айымын, айымы.

**Элмира Асылбек кызы**

# СЫР-СЫЯ

**Сыр – бул адамдын эч кимге айта албаган сөздөрү, сезимдери. Сиздин да эч кимге айтпаган сырларыңыз бар экени анык. Бирок ошол сыр сиздики экенин эч кимге билгизбестен, элге жарыя кылууга эркиңиз жетет беле? Сыр башка бирөөгө айтылса, сыр болуудан калат да дейт чыгарсыз. Бирок жан дүйнөңүздү уйгу-туйгу кылып жаткан маселени сыртка чыгарсаңыз, башка бирөө окуп алып таасирленсе жакшы нерсе го ээ? Дал ушул маселени чечүү үчүн бизде СЫР-СЫЯ аттуу рубрика ачылды. Мында сиз кимдир бирөөгө айткыңыз келген сөздөрдү, билдире албаган сезимдериңизди жазсаңыз болот. Сиздин ким экендигиңиз анонимдүү түрдө сакталышына кепилдик беребиз. Анда эмесе сиздер үчүн кезектеги сыр катты тартуулайбыз.**



Кээде сөздөн укмуш тажайм. Уккандан да, сүйлөгөндөн да, окугандан да өлөрчө ааркана, жер чаңытып, тамандар оюлгуча качам. Зардапка тоюп алып, тамагынан май кылгырган немедей, дагы бир сөз уксам эле куркулдата кусуп жиберчүдөн бетер, кулак-мурунду кесип таштап, көздү аңтара жумуп алып, уйкуга качам, уйкуга шашам. Уйку менин эрмегим. Мен уйкуда жашайм, жашоодо түш көрөм.

Тррр, так-так! Сөз жөнүндө жазып баштасам, мойнуң бурулгур тексттин башы уйкуга озунат. Көп жазбасаң ушул. Өз текстиндин тизгинин өзүң башкара албай каласың. Чабал калемдин белгиси.

Та-ак, "сөз" деп аткам, "сөздөн тажайм" деп аткам. Ии. Анан мени поэзия куткарат. Ыр окуп даарыланам, ыр мээмдеги майларды ээритип түшүрөт. Проза - автовокзалдын ашканасында сатылган арзан лагман болсо, поэзия - кулинардык искусство чеберинин колунан чыккан сейрек даам. Бирок поэзияны кыйратып билген киши атанууга талапкер эмесмин. Дайым жанымда жүргөн Рилькеден, Акматбековадан үч сап, төрт сап окуп, жаап коём. Даам сезүү үчүн, ырахат үчүн мага ошол гана жетиштүү.

Жакшы ыр тууралуу, аны жазган акын тууралуу көп ойлоном. Менимче биз баарыбыз акындыкка умтулабыз жана акын болуу адамдын чыгармачылык ипостасынын эң жогорку чокусу. Андай "бийик" адамдарды орустар "художник" деп коюшат, анын англисче аналогу - "artist". Батышта "артист", орустарда "художник" аталуу - чыгармачылыктагы кишинин баркталышын, эмгектериндеги өзгөчөлүгүнүн ар тараптуу кабыл алынышын билдирет. "Художник" - бул жөн эле сүрөт тарткан киши эмес, бул эмгектеринде чоң аалам жарата алган, дүйнөнү кайсы бир деңгээлде өзгөртө алган адам. Тарковский - бул художник, Майкл Джексон - художник, Айтматов - художник.

Кино бүткүл искусстволордун синтези болгондуктан, "художник" концепциясы кинодо айрыкча көп колдонулат. Бир жолу бир эжейим менен отуруп алып, кыргыз киносундагы художниктер тууралуу олуттуу маек курганыбызды эстеп жылмаям. Кандай дейсиңер, Океев художникпи? Шамшиевчи? Актан Арым Кубатчы?

Силер ойлонуп көргүлө. А мен канча ойлонбоюн "художник" түшүнүгүн кыргызга сиңире албай койдум. Бизде художниктер жоктугунан эмес, суроонун туура эместигинен. Художник - бул визуалдык аалам жөнүндө. Кыргыздардын жашоо образы болсо табияттагы белгилер жана сезимдер жөнүндө. Ошондуктан бизде чыгармачылыктын эң жогорку тепкичи акындык деп атпаймбы.

Кутман деген акылдуу жигит бар. Бир жолу экөөбүз түн ортосу шаар көчөлөрүнүн биринен капылет кезигип калдык. Анан таңкы төрткө чейин сейил куруп узун сүйлөштүк. Сөз арасында батыш-чыгыш маданияттары тууралуу ой алмашып жатып, Кутман менин чырагыма май тамызган жакшы сөз айтты. Бир жапон акыны (аты эсимде жок):"Батышта живопись, а бизде поэзия бар эле. Батыштын киносу живописten жаралса, биздин кино поэзиядан төрөлдү" деп айтыптыр. Мен бул маалыматты кийин эч жерден тактай алган жокмун. Бирок бул сөздөрдүн салмагы андан азайып кеткен жок.

Художник сымал "акын" деген түшүнүк да үч-төрт сап курай койгон сөз чебери жөнүндө эмес. Акындык формадан мурун ички мазмун тууралуу. Мазмун болсо сезимдерге барып такалат. Керек болсо батыштагы "artist" да казып отуруп, акыры өзүн акындыктан табат. Себеби искусствонун бардык түрүнүн пайдубалы сезимдерден жана сезимдерден гана куралган.

Студент кезде бир поэзия кечесинде "акын угат чөптүн ыйын" деген сап эсиме мыктай кирип калган. Акын деген ошол чөптүн ыйын уккан адам. Чөптүн ыйын угуш үчүн акындын жүрөгүнө ээ болуш керек. Акындын жүрөгү жок толтура акындар бар, акындын жүрөгүнө ээ толтура карапайымдар бар.

Кубатбек: "Кыргыздар адам болбой туруп эле акын-жазуучу болуп алып атышат" деп жазыптыр илгери. Ошо. Ска. Сен акынсыңбы?

**Майрам Шарип кызы**

# ЖАШ ИЛИМПОЗ

***Билим - деңиз, акыл - кайык. Адам канчалык билим алууга умтулса, анын акылы ага жеткирүүгө жардам берет. Студент да билим деңизинде ээн эркин сүзүп жүрүүсү үчүн талыкпай окуп, изденүүшү жана өзүнүн үстүндө иштөөсү зарыл. Бул үчүн курстук иш, доклад, реферат жана макала жазуу мыкты мисал боло алат. А дегенде макала деген эмне? Макала - журналистикадагы негизги жанрлардын бири. Макала маанилүү көрүнүштү аңдап чыгып, анализ кылат; кайсы бир коомдук мааниси бар көз караштарды же идеяны ырастай турган далилдерди жалпылап, корутунду чыгарат. А биз сиздерге ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин ФМО(б)-1-22 тайпасынын студенти Токтосунова Маликанын макаласын тартуулайбыз. Илимий жетекчиси ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин МИОТ жана ББМ кафедрасынын улук окутуучусу Авазова Элнура.***



## БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

***Аннотация:*** *Азыркы учурда информациялык технологияларды колдонуу билим берүү жараянына өзгөчө таасирин тийгизип турат. Ошондой эле маалымат берүү жана коммуникация жараянын уюштуруу жаатында да мүмкүнчүлүктөрдү жогорулатууда. Бул макаланын максаты – билим берүүдө информациялык технологияларды колдонуу, алардын мүмкүнчүлүктөрү жана алардын жардамында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу маселелери каралат. Видео сабак жасоо үчүн CapCut тиркемеси менен иштөөнүн эң негизги эрежелери менен тааныштырылат. Аягында заманбап мугалимдерге өздөштүрүүсү керек болгон инновациялык каражаттар тизмектелди. Бул макала билим берүү жараянын уюштурууда информациялык технологияларды колдонууга кызыккан окутуучуларга, педагогика жаатында билим алган студенттерге арналат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Туруктуу өнүгүү максаттары, информациялык-коммуникациялык технологиялар, санарип технологиялар, медиа билим берүү, мобилдик телефон, CapCut*

XXI кылым – илим менен техниканын дүркүрөп өсүп турган доору. Күн сайын жаңылануулар, жаңы техникалар, жаңы терминдер жана ар кандай жаңы нерселер адам баласы тарабынан ойлоп табылып жатат. Күнүмдүк жашообузду мобилдик телефонсуз, түрдүү гаджеттерсиз элестете албайбыз. Санариптик технологиялардын өнүгүшү турмуштун көпчүлүк тармактарына жана чөйрөлөрүнө, анын ичинде билим берүүгө да олуттуу түрдө таасирин тийгизди. Билим бул бакубаттуулуктун ачкычы, ар бирибизге прогрессивдүү жашоого жана коомго салым кошууга мүмкүнчүлүк берет. Билим алуу ар бир адамга пайдалуу жана жеткиликтүү болушу керек.

Информациялык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүүсү менен класс-кабинеттерде тиешелүү программалык жабдылыштар, мультимедиялык каражаттарынын, интерактивдүү доскалардын бар болушуна, интернетке кошулуу мүмкүнчүлүгү жаралгандыгына байланыштуу окутуунун жаңыча формалары пайда болду. Жаңы информациялык технологиялар теориялык материалды практикада өздөштүрүшүнө шарт түзүп берип жатат [1].

COVID-19 пандемиясында билим берүү системасы технологиялардын жардамында үзгүлтүккө учураган жок. Аралыктан окутуу бир гана биздин өлкөдө эмес, кээ бир чет өлкөлөрдө да бириинчи жолу уюштурулду. Бирок пандемиядан кийин билим берүү бир кыйла алсыздаган жана сапаттуу билимге болгон талап күчөгөн. Коомубузда «билим берүү артка кетти, жаңылашыбыз керек» деген пикирлер айтылып келет. Чындыгында ошондой, бирок анын себептерин иликтеп чыгуу керек. Билим берүү жараяны мындан ары информациялык-коммуникациялык технологиялардын, аралыктан окутуу, онлайн сабактар ж.б. мультимедия каражаттары менен бирге жашайт, ал эми азыркы муун үчүн бул каражаттарды колдонуу кызыктуу жана зарыл.

Билим берүүнүн сапатын жогорулатууга кошумча чаралар көрүлбөсө болжолдуу түрдө 84 миллион бала 2030-жылга чейин мектепке барбай калышы мүмкүн [4].

Билим берүү учурдун актуалдуу маселелерин, тагыраак айтканда, «Туруктуу өнүктүрүү максаттарына» жетүүгө мүмкүндүк түзүүчү ачкыч болот. Адамдар сапаттуу билим алышса жакырчылыкты жоюу, ачкачылыкты жеңүү, дени сак жашоону куруу, суу ресурстарын туура пайдалануу ж.б. бардык максаттарга жетүүгө себеп болот. Билим берүү адамдар ортосундагы толеранттуулукту өнүктүрүүдө чоң роль ойнойт. Муну ишке ашыруу үчүн билим берүү мекемелеринде билим берүүнү акысыз жана милдеттүү кылуу, алардын инфраструктурасын жакшыртуу жана учурдун талабына ылайык жабдылыштар менен камыздоо сыяктуу чараларды көрүшүбүз керек.

Дүйнө жүзүндө 2015-жылдан 2021-жылга чейин башталгыч мектепти бүтүрүү, толук эмес орто мектепти бүтүрүүнүн өсүшү байкалды. Улуттук билим берүү максаттарына ылайык, башталгыч мектепти аяктаганга чейин окуучулардын негизги окуу көндүмдөрүнө ээ болгон пайызы 2015-жылдагы 51 пайыздан 2030-жылга чейин 67 пайызга чейин көбөйөт деп болжолдонууда [4].

*(Уландысы кийинки бетте)*

Билимге жетүү үчүн эң эле кыйынчылык чеккендер Сахаранын астындагы Африка мектептери. Аларды негизги ресурстар менен камсыз кылууда эң чоң кыйынчылыктарга туш болууда. Башталгыч жана орто мектептеринде абал өтө оор. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө балдардын 91% баштапкы билим алуу менен камсыздалган. Бирок 57 млн. бала мурдагыдай эле мектепке барышпайт. Алардын ичинен жарымынан көбү Африка өлкөлөрүндө жашашат. Бүткүл дүйнөдө 103 млн. жаш адамдар базалык сабаттуулукка ээ эмес, алардын ичинен 60% дан ашууну аялдар [5].

Инсанга багыттап окутуу концепциясынын негизинде билим берүү системаларында педагогикалык закон ченемдерди модернизациялоого жана автордук окуу пландарын, программаларын түзүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Педагогикалык технологиялардын жаңы идеяларын, табылгаларын жана жетишкендиктерин, инновациялык окутууну жана башка, окуу-тарбия жараяндарында тажрыйбалоо мүмкүнчүлүктөрү ишке ашырылды. Мындай өзгөрүүлөр билим берүүнүн бардык баскычтарында окутуунун өндүрүштүк эффективдүүлүгүн көрсөтүү менен окумуштуулардын изилдөө обьектисин түзүүдө. Окутуунун жаңы технологиясы катары: программалык тестирлөө, модуль системасы интерактивдүү окутуу, сынчыл ойломду өстүрүү программасынын стратегиясы жана башкалар практикаланууда. Жогоруда белгиленген окутуунун жаңы технологиялары окуучулардын чыгармачыл жана интелектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу аркылуу аларды өзүн-өзү өнүктүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тарбиялоо, билгичтиктерин жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу максаттарын көздөп, окутуу технологиясынын мазмунун жана багыттарын бир топ оптималдаштырып жаңыртты [3].


Азыркы учурдун талабына ылайык окутуу жана тарбиялоо жараяны билим берүү системасында иштеп жаткан педагогдордун башкы проблемасы экендиги баарыбызга белгилүү. Мына ушуга ылайык окутуу жараянынын ийгиликтүү болушу жана окутулуп жаткан предметтер жеткиликтүү өздөштүрүлүшү үчүн окутуунун жаңы усулдарын үйрөнүү абзел. Буга мисал катары видео сабактар, презентациялар, интерактивдүү доскаларды пайдалануу жана башка ушу сыяктуулар кирет.

Жогоруда айтып өткөндөй жашообузду түрдүү гаджеттерсиз элестете албайбыз. Ошондой эле билим берүүдө да санарип технологияларды пайдаланууубуз керек. Санарип технологияларды колдонуу менен билим берүүнүн сапатын жогорулата алабыз. Санарип технологияларды пайдаланып, билим берүүдө медиабилим берүүнү билүү керек. Алгач медиабилим берүү сөзүнүн аныктамасына көңүл бурсак.

Медиабилим берүү бул-массалык коммуникацияны изилдөөгө үгүттөгөн педагогиканын багыты. Медиабилим берүүнүн негизги маселелери: окуучуларды заманбап маалыматтык шарттарда жашоого даярдоо, ар кандай маалыматтарды кабыл алуу жана аны түшүнүүгө үйрөтүү, анын психикага тийгизген таасиринин натыйжаларын түшүнүү, техникалык каражаттардын жардамы менен коммуникациянын оозеки эмес, байланыш методдорун өздөштүрүү [6].


Мисалы видео сабак аркылуу окуучуларга билим бере алабыз, ал үчүн биз медиабилим берүүнү эске алуу менен видео сабак даярдайбыз. Видео сабакты жасап жатканда педагог өзүнүн чеберчилигин жана ошондой эле алган билимин пайдаланууусу керек. Видео сабакты жасоодо мугалим окуучулардын психологиялык өзгөчөлүгүн эске алып, видеону кыска жана түшүнүктүү болуусуна маани берүү абзел. Психологдордун айтуусу боюнча жаш муун узак убакытты алган жана бир темптеги видеолорду көрүшбөйт аларды «тажатма» деп эсептешет. Жаңы өсүп келе жаткан муундун өзгөчөлүгү бат кыймылдашат жана маалыматты бат кабыл алышат.

«Бүгүн биз балдарды кечээкидей окутсак, анда биз балдардын эртеңин уурдайбыз», - деп айткан философ Джон Дьюи. Санарип муун же, Z муунга 1999-жылдан кийин төрөлгөн адамдар кирет, кээ бир адабияттарда 1994-жылдан кийин төрөлгөндөр деп айтылат. Бул муундун өзгөчөлүгү жашоосунун көп бөлүгүн экран алдында өткөрөт. Билим берүү системасы олуттуу маселеге туш болууда – ой жүгүртүүсү жана окуу стили мурунку «кагаз» муундун көндүмдөрүнөн түп-тамыры менен айырмаланган «санариптик» студенттерди адекваттуу даярдоо менен алек болууда. Мугалимдин өз предметин канчалык деңгээлде жакшы билгендигинен гана эмес, анын педагогикалык жөндөмдүүлүгүнөн жана харизмасынан гана эмес, ошондой эле заманбап маалыматты канчалык



деңгээлде колдонгонунан да көз каранды экендигин баса белгилей кетүү керек [2].

Учурдун талабына ылайык педагог санарип технологиярды колдоно билиши




керек. Мисал катары видео сабакты даярдоону карап көрөлү. Видео сабакты даярдоодо кээ бир эрежелерди эске алуу керек.

1. Биринчи кезекте камераны туура орнотуу (настройка) керек. Эгер педагог камерага чыгып сүйлөй турган болсо жарыктандыруу (свет, освещение) менен иштөөсү зарыл.

*(Уландысы кийинки бетте)*

2. Үн коштоодо сүйлөп жаткан адамдын үнүнөн башка ашыкча үндөрдүн жок болуусуна көңүл буруу керек, эгер видео тартылып бүткөндөн кийин ашыкча үндөрдү байкасаңыз анда атайын тиркемелердин жардамында арттагы ашыкча үндөрдү алып салууга болот.

3. Видео сабактын жүрүшүндө педагог ар түрдүү анимацияларды, катмар (наложение) аркылуу кадрларды (футаж) кошуп, хромакей менен иштеп ж.б. инстументтерди пайдаланып кызыктуу видео аркылуу сабак өтө алат. Бул учурда педагогдун берген маалыматтары окуучулардын эсинде жакшыраак сакталат.

Анда эмесе видео сабак даярдоо үчүн курал (инструмент) жана мүмкүнчүлүктөрү көп, ыңгайлуу тиркемелердин бири болгон CapCut (1-сүрөт) тиркемесинин карап көрөлү. CapCut тиркемесинин жардамында сиз видео сабактарды проффесиялдык деңгээлде монтаж жасай аласыз.

- Биринчи кезекте тиркемени көчүрүп алаңыз. Телефонуңуз Android болсо Coogle Playден, эгер Iphone болсо App Storeдон CapCut деп издеп, «установить» баскычын басып, телефонуңузга көчүрүп аласыз.
- Тиркемеге кирип «новый проект» баскычын басып буга чейин даярдап алган видео, сүрөттөрдү тандап «добавить» баскычын басыңыз.
- 2-сүрөттө көрсөтүлгөн беттен монтаж жасоону баштасаңыз болот.

Инстументтер бөлүмү (3-сүрөт):

- Изменить - бөлүмүндө «разделить», «скорость», «анимация», «стиль», «удалить» ж.б. баскычтар бар. «Разделить» баскычы менен сиз дасап жаткан сүрөттү же, видеону кыркып же, бөлө аласыз. «Скорость» баскычын басканда «нормальная» жана «кривая» деген баскычтар чыгат «нормальная» баскычы менен видеону бир калыпта тез же, жай кылып убакытын өзгөртө аласыз.Ал эми «кривая» аркылуу видеонун башын тез, ортосун жай, аягын тез сыяктуу видеонун жүрүшүнө жараша өзгөртө аласыз. «Анимация» баскычы менен сүрөт же, видеонун башталышына жана аягына анимация койо аласыз. «Стиль» бөлүмүнөн жасап жаткан видеоңузга кызыктуу стиль койсоңуз болот. «Удалить» баскычы менен жасап жаткан видео, сүрөтүңүздү же ашыкча кадрларды өчүрө аласыз.
- Звук - бөлүмүн басканыбызда: «звуки», «авторское право», «извлечено» жана «записать» баскычтары чыгат. «Звуки» баскычын басаныңызда сиздин мобилдик телефонуңузда бар жана тиркеменин өзүнүн сизге сунуштаган mp3 үндөр (музыкалар) чыгат сиздин видеоңузга туура келгенин тандайсыз. «Авторское право» баскычын басуу менен сиз колдонуп жаткан үндөрдү TikTok тиркемесине чыгарууга болобу же, болбой турганын аныктап берет. «Извлечено» баскычы менен башка видеодогу үнду сиз жасап жаткан видеого койо аласыз. «Запись» баскычы аркылуу өзүңүз үн коштой аласыз, кааласаңыз үнүңүздү да өзгөртсөңүз болот.
- Текст - бөлүмү менен сиз видео же, сүрөтүңүзгө текст, чаптама (стикер) коюп алардын шрифтин, түсүн өзгөртсөңүз болот. Автоматтык түрдө сүйлөп жаткан адамдын сөздөрүн субтитр катары видеого түшүрсөңүз да болот.
- Наложение - бөлүмү аркылуу жасап жаткан видеоңуздун үстүнө башка видео, сүрөт же, кадр (футаж) койсонуз болот.
- Эффекты - бөлүмүндө видеого, видеодогу адамга жана сүрөткө эффект кошуп, видеону кызыктуу кыла аласыз.
- Соотношение сторон - бөлүмү менен видеонун өлчөмдөрүн 9:16 (Instagram, Tiktok), 16:9 (YouTube) ж.б. өлчөмдөргө өзгөртө аласыз.
- Фильтры - бөлүмү менен видеого же, сүрөткө түрдүү даяр фильтлерди коюп же, «настроить» баскычын басуу менен өзүңүз каалаган жарык берип түстөрүн өзгөрсөңүз болот.
- Стикеры - бөлүмүндө түрдүү кардын жаап жатканын, жаныбарлар үчүн, спорттук ж.б. чаптамаларды (стикер) видеоңузга кошсоңуз болот.
- Холст - бөлүмү аркылуу жасап жаткан видеоңузду кичирейтип, аркасына башка түстөрдү, тиркемеде бар фондорду жана ошол видеонун өзүн бозомук көрүнүшкө алып келе аласыз.

Мындан сырткары educaplay (4-сүрөт), prezi (5-сүрөт) жана canva (6-сүрөт) сайт, тиркемелерин пайдаланып педагог сабагын санарип муундун талабына ылайык өтүп, сабагынын максатына жете алат.

Корутунду

Учурдагы актуалдуу көйгөйлөрдүн бири болгон билим берүү тармагында информациялык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп, жыйынтыгында жаңычыл тиркемелерди пайдалануу менен окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, билим сапатын жогорулата алабыз. Заманбап мугалим төмөндөгү инновациялык каражаттарды жакшы өздөштүрүүсү керек:

Компьютердик программалар;
Мультимедиялык программалар;
Дистанттык окутуу технологияларын (Zoom сыяктуу платформалар менен онлайн сабактарды, конференция, жолугушууларды уюштура билүү);
Заманбап билим берүү технологиялары;
Интерактивдүү ишмердик;
Интернет-ресурстар;

**Колдонулган адабияттар:**

1. Билим берүүдө онлайн платформаларды колдонуу. Методикалык колдонмо/ М. Алтыбаеванын редакциясы алдында. – Ош, 2021. 177 б
2. Руководство по инновационным образовательным технологиям. Под общей редакцией проф.Ангела Смрикарова 2020г.
3. “Кыргыз тил сабактарында байланыштуу кепти окутуу методикасы” Ош 2007
4. Туруктуу өнүктүрүү максаттары 4-максат
https://www.un.org/sustainabledevelopment/education/
5. Туруктуу өнүктүрүү максаттары
https://www.gov.kg/ky/p/sustainable_development
6. Медиасабаттуулук жана медиабилим деген эмне? Асель Сооронбаева
https://ideaca.today/en/threedot/media-sabattuuluk-bilim-mediamadaniyat

# Кышкы кайрыктар

## КЫШ

Кылчылдайт, аппак кийгени.

-Кыш беле ?-десек:

-Ии,- деди.

-Үйгө кир, даам сыз?-деди энем,

Үй муздак болчу, кирбеди.

Очоктун оозу тегерек,

Ой жатты мени тебелеп:

“От жагып койсок эмине,

Олтуруп кетпейт беле?” деп...

ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВ

## КЫШ АЙЫ

Баардык жанга бирдей берип өкүмүн,
Бубак басып дарактардын көкүлүн.
Кычыратып теребелди кыш айы,
Кирип келди кийип калың өтүгүн.

Катуу шамал ырдап муңдуу ырымды,
Күндүн нуру жерге жетпей жыгылды.
Муздап калган асман менен сырдашып,
Морлор тартып жаткан өңдүү чылымды.

Кыйынсынып жүргөн менен бурганак,
Күн чыкканда көлчүктөрдө булганат.
Чана тээп, суукка тоңгон батектер,
Чарчап келип меш түбүндө курганат.

Жашы сымал ылдый аккан ээгимдин,
Жашып, ээрийт кар бетинде жеримдин.
Там башында мейман болгон муздардан-
Тамчы түшөт сөйкөсүндөй келиндин.

Суктандырган көркөмүнө жан үрөп,
Суукту сүйбөйм, сүйөм кышты а бирок...
Жашынгандыр тазалыктын астында,
Жаштыгымды издеп жүрөм, кар күрөп...

МЕЛИС МАМАТЖАНОВ

***

Бизде азыр кыш.
Эч бүтпөстөй,
Түгөнбөстөй, узак кыш.
Балким эми сен экөөбүз,
Көрүшпөйбүз узакпыз.

-Биздин жерлер сонун ээ?
-Сопсонун.
Жаратылыш асемине ашыкпыз.
Кашың кара, жүзүң нурлуу,
Каректериң жазыксыз.

Неге мени таштап койдуң алыска,
Эстегенде сыздап кетет жүрөгүм.
Жүргөндүрсүң үйүн күтүп,
Отун жагып бирөөнүн.

Бизде азыр кыш,
Эч бүтпөстөй
Түгөнбөстөй, узак кыш.
Сени ойлонуп үйдө бөгүп,
Олтурамын тузаксыз...
Бизде азыр кыш. Узак кыш...

КАЛЧОРО КОКУЛОВ

## КЫШ МЕНЕН КЫЗ

Мен өзгөчө кыш айында бак курам,
Жетелешсек тайгак жолду таап турам.
Себептерин эмнеге деп сурасаң,
Колтуктаган колдоруңду жактырам.

Көк муздарды күзгү кылып карансак,
Болдуң эркем ыр сыяга калам сап.
Кышты кантип жек көрөм деп айталам,
Жумшак кардын мээриминен жаралсак.

Чатырдагы муздар сага ашык да,
Алар сулуу, муздак, катуу ашыкпа.
Сүйгөн кызың эгер турса жаныңда,
Суктун күнү үшүгөнүң бакыт да.


Күндүзү күн түнү болсо ай турат,
Күбө баары мен жөлөнгөн тал турат.
Кубанычым ашып турат азыр эх,
Кыш менен кыз бакыт мага тартуулап.

ДҮЙШӨНБЕК БЕКТЕМИР УУЛУ

# КРОССВОРД

**Жоопторун: 0703-75-73-71 номерине жөнөтсөңүз болот жана башкы корпустун 001-кабинетине толтуруп алып келсеңиз болот.**

1. Заттардын сандык составын, сандык катыштарын окутуучу химиянын бөлүгү...?
2. Бул нерсени базарда көрбөйбүз, көрсөк да албайбыз, алсак да колдонбойбуз, бул эмне?
3. Кыргыздарда меймандарды кабыл ала турган бөлмө?
4. Дүйнөдөгү 70% эркектер ушул нерседен улам жүрөк оорусуна чалдыгат. Бирок бул предмет инсанга күч багыштайт. Предметтин аты?
5. Пикир алмашуудагы тилдик эмес каражаттарды (жаңсоо) изилдөөчү тил илиминин тармагы?
6. Соньда,каратэ,кэндо,сумо. Булардын кайсынысы Японияда пайда болгон?
7. Бир куш жерге уя салып бир нече жумуртка койду. Суроо: Сырдуу сандыкчанын ичинде эмне бар?
8. Бул химиялык элементтин 8 протону,8 электрону, 2 аллотроптук модификациясы бар.Ал кайсы элемент?
9. Ооздуксуз,тизгинсиз,чалбыр тагынган жүгөнгө окшогон малдын башына катылуучу шайман?
10. Тоголонун синоними?
11. Жалбырактары ичке кабырчактуу келген жоон жана агыш, жаш сабактуу жашылча өсүмдүгү?
12. Байыркы Египетте бай үй-бүлөлөр да көп учурларда бир предметтин ордуна каткан нандарды пайдаланышкан.Ал предметтин аты?
13. Алардын барбы төмөн, оозу тар, качкын болсо да байлануу, согушта болбосо да найза урулган, жаракат алган. Суроо: Ал эмне?
14. Учат, үнү жок, конот, качан гана өлгөндөн кийин ыйлайт.Табышмак эмне жөнүндө?




Жоопту жөнөтүп жатканда төмөнкүлөрдү толтуруңуз:

Аткарган________________________________;

Факультети________________________________;

Тайпасы________________________________;

Байланыш номери:________________________.

**Эртабылды кызы Даткайым (+996 703 757 371)**

# Сизге ийгилик!

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айзирек Гадаева

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Канайым Акназарова
Майрам Шарип кызы
Айжаңыл Нурмамат кызы
Айжамал Асланбек кызы
Элмира Асилбек кызы
Гүлзар Максытали кызы

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902